**Ж.Боконбаев атындагы жатак- гимназиясы мекемесинин окуу-тарбия иштери боюнча 2022-2023 окуу жылына карата түзүлгөн иш планы**

1. Өткөн окуу жылындагы окуу-тарбия иштеринин педагогикалык талдоосу. Жаңы окуу жылына карата негизги милдеттер
2. Кыргыз Республикасынын **“Билим берүү жөнүндөгү”** мыйзамынын аткарылышы
3. Педагогикалык кадрлар менен иштөө, алардын квалификациясынын көтөрүү, мугалимдерди аттестациядан өткөрүү
4. Окуу-тарбия иштерине жетекчилик
5. Мектептеги окуу тарбия иштеринин ички тескөөсү
6. Ата-энелер менен иштөө, коомдук жана өзүн-өзү башкаруу органдары менен болгон байланыш, мектеп кеңеши жана көзөмөлчүлүк кеңеши менен кызматташып иштөө
7. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана чарбалык иштер.

# Ж.Боконбаев атындагы жатак- гимназиясы мекемесинин 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы жана 2022-2023-окуу жылына карата милдеттери

Ж.Боконбаев атындагы жатак- гимназиясы мекемесинин 2022-2023 окуу жылында 509 окуучу14 класс комплектиде окуп жатышат. Анын ичинен кызы – 253.

5-9-класстар 10 класста 388 окуучу, кызы -191, 10-11-класстар 4 класста 115 окуучу, кызы – 62.

2022-2023- окуу жылы 61 мугалим, тарбиячылар эмгектенип жатышат. Алардын ичинен жогорку билимдүүлөр – 57, атайын орто билимдүүсү - 4 .

Педагогикалык жалпы иш стажы боюнча:
40 жылдан жогору - 4
30 жылдан жогору - 20
20 жылдан жогору - 11
10 жылдан жогору - 11
5 жылдан жогору - 4
3 жылдан жогору - 6
3 жылдан төмөн - 5

Көп жылдык окутуп тарбиялоого кошкон салымы үчүн сыйланган сыймыктуу мугалимдерибиз бар:

КРнын Өкмөтүнүн Ардак Грамотасын алгандар – 2 мугалим;
КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасын алган – 1 мугалим;
КРнын Билим берүүжана илим министрлигинин Ардак Грамотасын алгандар – 15 мугалим;
Билим берүүнүн мыктысы төш белгисинин ээлери -15 мугалим.

2021-2022-окуу жылынын аягында окуучулардын саны – 519га жетип, алардын билим сапаты төмөндөгүдөй болду:
"5" ке окуган окуучулардын саны - 54, "4"кө окуган окуучулардын саны - 204, "4"кө окуган окуучулардын саны – 261 болуп, мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү 100% , ал эми билим сапаты 49,7 % ды түздү.

Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, алардын арасынан билимге кызыккан, шыктуу окуучуларды тандап алуу жана окуучуларыбыздын билим сапатын аныктоо максатында жыл сайын предметтик олмпиадалар өткөрүлүп келүүдө. Окуучулардын райондук олимпиадасында 30 окуучу катышып, алардын ичинен 11 окуучубуз байгелүү 1-2-орундарга ээ болушуп, областтык олимпиадага активдүү катышышты. Орус тили жана адабиятынан 11-класстын окуучусу Ахунбаева Нелли областта 2-орунду ээлеп, республикалык олимпиада активдүү катышуучу болду.

ЖРТке 11-класстардын 66 бүтүрүүчүсү толук катышып, 170 баллдан жогору 7 окуучу, 140 баллдан жогору 23 окуучу, 110 баллдан 139 баллга чейин 20 окуучу жетишип, жыйынтыгында орточо 128 баллды түздү.

Окуучулардын спорттук лигасында футбол оюну боюнча балдар командасы райондо 1-орунга, баскетболдон кыздар командасы 2-орунга ээ болушту.

Усулкана жана окуу кабинеттери арасында кароо сынакта Химия окуу каанасы, лабораториясы менен райондо I орунда турат.

Мектептин окуу-тарбиялык иштерин жакшыртууга, окуучулардын терең билим алуусуна мектептин мугалимдер жамааты аракеттеништи. Мугалимдер сабакка даярданып, көргөзмө куралдарды, технологияларды сабактарында пайдаланышты. Сабактардын өз убагында окутулушу, атайын курс сабактарынын, ийримдердин өтүлүшү, окуучулардын күндөлүктөрүнүн, окуу куралдарынын жана мектеп эмеректеринин сакталышы, тазалык, окуучулардын жана мугалимдердин формалары күнүмдүк көзөмөлгө алынды.

2022- жылдын декабрь айына чейин жалпысынан 1760300 сомдук инвестиция тартылды. Республикалык бюджеттен ашкана үчүн 300 000 сомдук 3даана муздаткыч, 1 даана нан бышыруучу духовка, 1 даана камыр жууручу миксер алынды.

Жатакананын 43 терезесин жана 7 эшигин Аква пластик менен алмаштыруу долбоору колдоого алынып, "Ага хан" Фонду тарабынан 597 000 сом каржыланып, Республикалык бюджеттен 254 250 сом, ата-энелердин эсебинен 292250 сом жана мектептин өздүк салымы 316800сом, жалпы 1460300 сомдук жумуш аткарылды.

Мектептин педагогикалык кеңешмелеринде предметтердин окутулушунун абалы, мугалимдердин иш кагаздары, сабакта колдонуп жаткан ыкмалар, окуучулардын чейректик билим сапаты, усулдук кеңештин чейрек сайын чогулуштары өткөрүлүп, мугалимдердин билим деңгээлин өстүрүү максатында "Сабакка максат коюу", "Окуучуларды мотивациялоо", "Чыгарбоо,бөлбөө, четке какпоо, четтебөө,обочолонтпоо,бөлүнбөө", "Окуучуларды сабакка кызыктыруунун усулдары", "Интерактивдүү усулдар", "Катаны оңдоо, тууралоо жана катачылыкты жөнгө салуу", "Сынчыл ой жүгүртүү", "Толеранттуулук", "Конфликттердин алдын алуу" темаларында талкуулар уюштурулду.

Окутуунун жаңы усулдары жана технологиялары, окуучулардын билимин баалоо нормалары, сабакта интерактивдүү усулдардан пайдалануу, илимий методикалык маалымат, мугалимдердин билимин өркүндөтүү, окуучулардын билимин жогорулатуу боюнча ар кандай иш чаралар аткарылды. Усулдук бирикмелеринин чогулуштары ай сайын өткөрүлүп турду. Окуу жылынын башынан предметтердин жумалыктары өткөрүлүп турду. Бардык предметтер боюнча жумалыктар өз убагында графиктин негизинде өткөрүлдү.

Мектепте жыл ичинде көптөгөн майрамдык иш чаралар жогорку деңгээлде өткөрүлдү : Мамлекеттик тил майрамына карата иш пландар түзүлүп, иш-чаралар өткөрүлдү, дубал гезиттер чыгарылды. Мамлекеттик тилди барктоого үндөгөн жарнак, чакырыктар жазылып илинди. "Элди түбөлүк эл кылып турган- анын тили", "Эл дөөлөтү - эне тил", "Кыргыз тили- менин дилим" аттуу темаларда тарбиялык саттар, кечелер өткөрүлдү..

1-октябрь – Карыялар күнүнө карата мектептин ардагер мугалимдерине арналган бир айлык иш-чаралары жана октябрь айындагы Мугалимдер күнүнө карата мектеп окуучулары тарабынан музыкалык куттуктоо кечеси өткөрүлдү.

Жыл сайын 7-8-ноябрь – Ата бабаларды эскерүү күнүнө карата мектепте тарых мугалимдери тарабынан доклад даярдалып, окуучуларга баяндамалар берилет.

1- декабрь – Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата атайын

иш-чаралар түзүлүп, жогорку класстардын окуучуларына класстык сааттар жана соцпедагог тарабынан окуучуларынын катышуусунда семинар, жөө жүрүш уюштурулду. АЧД сабагы мугалими жана орус тили усулдук бирикмеси тарабынан 15-февраль – Ооган согушунун ардагерлеринин күнү жана 23-февраль - Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата окуучулардын патриоттук сезимдерин ойготуу максатында Ооган согушунун ардагерлери чакырылып, 9-10-11- класстардын эркек балдарынын “Чамдагыла, жигиттер!” аттуу конкурсу уюштурулуп, окуучулардын аскердик даярдыгы, орус тилин өздөштүрүүсү бааланат.

Кылмыштуулуктун алдын алуу, зордук –зомбулукту болтурбоо, алкаголь, наркоманиянын алдын алуу жана диний экстремисттик уюмдарга кирип калуунун алдын алуу максатында Базар-Коргон РИИБнүн ЖЖӨИнын кызматкерлери, раймамадминистрациянын өкүлүнүн жана диний кызматкерлердин катышуусунда окуучулар менен “Мектеп рекети”, “Кылмыш жазасыз калбайт”, “Өз өмүрүн кыюунун кесепети” деген темаларда жолугушуулар уюштурулуп, окуучулар арасында түшүндүрүү иштери алып барылды.

Жугуштуу жана ветеринардык жугуштуу оорулардын алдын алуу жана сактануу максатында окуучуларга жат жазуулар жаздырылып , Санбюлеттенъ бурчтары чыгарылды жана тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Ата-энелери чет өлкөгө кеткен , тоголок жетим, жарым жетим, социалдык абалы начар окуучулардын тизмелери такталып, жыл ичинде көзөмөлгө алынды.

ЖРТке даярдануу боюнча 11- класстын бүтүрүүчү окуучулары жана ата-энелери менен жыйындар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
ЖТР ке даярдануу үчүн негизги предметтерден кошумча сабактардын графиги түзүлүп, кыргыз тилчи жана математика мугалимдери тарабынан кошумча сабактар окутулду. СЕКОМ , Нова окуу борборлору тарабынан мезгил-мезгили менен сынамык тесттер алынып, ЖРТке даярдыктардын мониторинги жүргүзүлдү. Натыйжада 2021-2022-окуу жылындагы ЖРТке 66 бүтүрүүчү толугу менен катышып, орточо 128 баллга жетти.

Мугалимдер арасында да волейбол, баскетбол, футбол, теннис, шахмат, шашки оюндары уюштурулуп, өткөрүлүп турат. 5-11 класстар арасында да спорттук мелдештер, “Куунак старт” таймаштары өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн даталуу майрамдарга карата иш-чаралар түзүлүп, мектеп окуучулары жана эмгек жамаатынын катышуусунда белгиленди.

“Акыркы коңгуроо” салтанаттуу иш-чарасына карата атайын даярдыктар көрүлүп, мектеп администрациясы жана мугалимдерден күзөтчүлүк уюштурулду жана чыр- чатаксыз жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1-буйругунун негизинде Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 18-мартындагы “2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө “ №86-буйругу өз убагында аткарууга алынып, Жобо 9-жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрүнө жана ата-энелерге тааныштырылды. ЖМАнын жадыбалы чыгарылып, бекитилди.

X жана XI класстардын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругу менен бекитилген Жобонун негизинде ишке ашырылды.

ЖМАнын сынактары белгиленген күндөрү өз мөөнөтүндө ийгиликтүү өткөрүлдү.

**2022-2023 окуу жылында мектеп жамааты төмөнкү милдеттерди аткарат:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин , Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мектеп үчүн көргөн камкорчулуктарынын жана талаптарына ылайык иш алып баруу;

Кыргыз Республикасынын Билим берүү тармагында жүргүзүп жаткан жаңы реформаларынын талаптарын аткаруу;

"Мугалимдердин статусу жөнүндө" мыйзамына ылайык мектепте иш алып баруу;

Кыргыз Республикасынын Президентинин №372 "Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучуларды тамактануусуну уюштуруу жөнүндөгү буйругун аткаруу;

Кыргыз Республикасынын 2025- жылга чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү доктринасын жетекчиликке алуу менен өсүп келе жаткан жаш муундарды окутуп тарбиялоо;

Мугалимдердин кесиптик денгээлин көтөрүү, окутуунун жаңы технологияларын жайылтуу, Кыргыз Республикасынын окуу программаларынын түзүлүштөрүн үйрөнүү, аткаруу;

"Биримдик аркылуу өнүгүү"-жалпы улуттук концепцияны окуп үйрөнүү жана турмушка ашыруу;

Улуу Манастын 7 осуятын мектепте тарбиялык иштерде пайдалануу;

Мектепте билим берүүнүн мазмунун жана методдорун гумандаштыруу.;

Окуу программаларын өзгөчөлүктөрүн жана билим берүүдөгү реформаларды күнүмдүк турмушта пайдалануу;

Мектепте улуттук педагогиканын негизинде окуу-тарбия иштерин жүргүзүүнү камсыздоо, ыймандуулукка жана кайрымдуулукка тарбиялоо, окуучулардын билим сапатын жогорулатууга жетишүү;

Мугалимдердин билимин өркүндөтүүсүн график боюнча курстарга жөнөтүү аркылуу жүзөгө ашыруу;

Укук бузуу жана кылмыштуулукка каршы укук коргоо органдары, жашы жетпегендер менен иштөө инспекциясы, коомчулук менен бирдикте кызматташып иш алып баруу;

Окуучуларын окуу китептери менен камсыз кылууга жана мугалимдерди методикалык китептер менен камсыз кылууга жетишүү;

Окуу жылы ичинде "Жыл мугалими","Жыл мектеби", "Мыкты кабинет" жана башка конкурстарга катышуу;

Предметтик олимпиадаларды өткөрүү жана райондук, областык, республикалык турларында алдынкы көрсөткүчтөргө жетишүү;

Республикалык тестирлөөгө окуучуларды даярдоо жана анын сапатын рүү максатында сабакта көп тилдүүлүк ыкмаларынан пайдалануу;

Мугалимдердин сабак өтүү чеберчилигин арттыруу аркылуу ар бир өтүлгөн сабактын жана класстан, мектептен тышкары иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу;

Мектепте бар компьютерлерди жана техникалык каражаттарды натыйжалуу колдонуу;

Тарбиялык иштерди жандандыруу;

Билим берүү мыйзамына ылайык мектеп жашындагы бардык балдарды окууга толук тартуу учун чараларды көрүү;

Күз-кыш мезгилине жана жаңы окуу жылына даярдык көрүү;

Педагогикалык кызматкерлердин жана окуучулардын ден соолугуна кам көрүү максатында алардын медициналык кароодон өтүүсүн уюштуруу;

## II. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын аткарылышы

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Окууга жөндөмдүү, шыктуу, зээндүү окуучуларды сынак аркылуу тандап алуу жана аларды толук окууга тартуу, 5-11-класстын окуучуларын комплектилөө | Август | Кабыл алуу комиссиясы |
| 3 | Социалдык жактан коргоого муктаж үй-бүлөдөгү окуучуларды тактоо,окууга тартуу жана алар менен жекече иш алып баруу; | Сентябрь | Класс жетекчилер соцпедагог |
| 4 | 5-6-класстардын окуучуларынын ден соолугун коргоо, алардын медициналык кароодон өткөрүү | Август | Врач, медайым Соц.педагог |
| 5 | Окуучуларды тамактандырууну уюштуруу жетишпеген идиш-аяктар менен камсыз кылуу | Сентябрь | Завхоз Ашпозчу |
| 6 | Мектепте эпидомологиялык абалга байланыштуу санитардык –гигиеналык шарттарды түзүү<br>а) Окуучуларды жашына карап стол стулдар менен камсыз кылуу аларды маркировкалоо.<br>б) кайнатылган суу менен камсыз кылуу.<br>в) класстык бөлмөлөрдү нормалдуу температура менен кармоо.<br>г) Коридор, бөлмөлөрдү хлорамин менен аарчып туруу.<br>д) класстарды шамалдатып туруу. | Август<br>Сентябрь<br>Жыл бою<br>Ар дайым<br>Жумалык бир жөлү<br>Ар күнү | Врач, медайым<br>Завхоз<br>Завхоз<br>Класс жетекчилер<br>Завхоз<br>Завхоз<br>Тех персионалдар<br>Тех персионалдар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ...ларга техника коопсуздугу боюнча инструкция берүү | Ар чейректе | Класс жетекчиси |
| | Тоголок жетим, жарым жетим, ата-энеси чет өлкөгө кеткен окуучуларды тизмесин тактоо | Сентябрь | Класс жетекчи Соцпедагог |
| | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын окууга тартуу жана аларга материалдык жардамдарды көрсөтүү | Сентябрь | Класс жетекчиси Соцпедагог |

## III. Педагогикалык кадрлар менен иштөө

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп администрациясынын кызматтык милдеттерин алардын арасында өз ара бөлүштүрүү | Август | Директор |
| 2 | Жетишпеген кадрлар менен камсыз кылуу | Август | Директор |
| 3 | КРнын “Мугалимдин статусу” жөнүндөгү мыйзамын жетекчиликке алуу жана аткаруу | Ар дайым | Администрация |
| 4 | Педагогикалык кадрлардын өз билимин жогоруулатуу, методикалык чеберчилигин өнүктүрүү максатында график боюнча курстарга, семинарларга жиберүү | График негизинде | Директор Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 5 | Бардык мугалимдердин иштөөсүнө шарттарды түзүү | Ар дайым | Администрация |
| 6 | Жаш мугалимдерге насаатчы катары алдынкы мугалимдерди бөлүштүрүү | Сентябрь | Администрция |
| 7 | Кадрлар боюнча РИК-83 отчётун даярдоо жана РБББ нө тапшыруу | Октябрь | Директор |
| 8 | Педагогикалык кадрларды аттестациялоо иштерин уюштуруу | Жыл бою | Директор Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 9 | Мугалимдердин чеберчилигин артыруу, чыгармачыл мугалимдерди аныктоо, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу максатында “Жыл мугалими ” конкурсун өткөрүү | Февраль | Директор Профком Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 10 | Мугалимдерди социалдык жактан коргоо<br>а) Турак-жай салуу үчүн участка алууга көмөктөшүү<br>б) Иш орду менен камсыздоо (стол, стул шкаф) | Август | Администрация Профком |

## IV. Окуу – тарбия иштерине жетекчилик

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу пландарын бекиттирүү | Август | Директор |
| 2 | Сабак жана атайын курс, ийримдердин календардык тематикалык пландарын бекитүү | Август | Окуу бөлүмүнүн башчысы, КТИУ Мугалимдер |
| 3 | Кыргыз тили жана Математика предметинен кошумча сабактарды уюштуруу | Жыл ичинде | Окуу бөлүмүнүн башчысы Предмет мугалимдери |
| 4 | Сабактарда көп тилдүүлүк усулунан колдонуп, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу | Жыл ичинде | Предмет мугалимдери |
| 5 | Предметтик кабинеттерди жасалгалоосун улантуу | Жыл ичинде | Предмет мугалимдери |
| 6 | Усулдук жардам берүү максатында класс жетекчилерин жана мугалимдерге семинарларды уюштуруп өткөрүү | Жыл ичинде | Окуу бөлүмүнүн башчысы Усулдук бирикме жетекчилери |
| 7 | Окуучулардын предметтер боюнча билим деңгээлин аныктоо, алардын билимге кызыгуусун арттыруу үчүн предметтик олимпиадалардын мектептик турларын өткөрүү | Ноябрь Декабрь | Окуу бөлүмүнүн башчысы Усулдук бирикме жетекчилëри Предметтик мугалимдер |
| 8 | Мугалимдердин чеберчилигин көтөрүү, чыгармачыл мугалимдерди аныктоо, алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу максатында “Жыл мугалими” конкурсун өткөрүү. | февраль | Администрация |
| 9 | Олимпиаданын жеңүүчүлөрүн райондук, областтык турларга катыштыруу | Февраль Март | Предмет мугалимдери |
| 10 | Окуу процессинде инновациялык усулдарды, сабактын стандарттуу эмес бардык формаларын кеңири колдонуу | Жыл ичинде | Усулдук бирикме жетекчилери Мугалимдер |
| 11 | Дене тарбияны өнүктүрүү, окуучулар жана мугалимдер арасында сергек жашоо образын түзүү максатында кышкы, жайкы спартакиадаларды өткөрүү | Ноябрь Март | Дене тарбия мугалимдери |
| 12 | Бүтүрүүчүлөрдү Жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоо жана катыштыруу | Жыл ичинде | Окуу бөлүмүнүн башчысы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Предметтик мугалимдер |
| 13 | Класстан-класска көчүрүү жана бүтүрүү ЖМА сынактарына даярдык көрүү , окуу жылын ийгиликтүү аяктоого жетишүү | Май<br>Июнь | Окуу бөлүмүнүн башчысы<br>Усулдук бирикме жетекчилери<br>Предмет мугалимдери |
| 14 | “Артыкчылыгы менен аттестат” , “Артыкчылыгы менен күбөлүк” алууга талапкен окуучуларды туура тандоо жана аларды тестирлөөгө даярдоо , катыштыруу | Апрель<br>Май | Окуу бөлүмүнүн башчысы ,<br>Предмет мугалимдери |
| 15 | Мектептеги усулдук бирикмелердин ишин жакшыртуу предметтик декадалардын өтүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл ичинде | Администрация |
| 16 | Мектеп китепканасынын ишин жакшыртуу, окуу китептеринин фондусун толуктоо, китептерди таза, бүтүн сактоо иштерине тактап көзөмөлдүк кылуу | Ай сайын | Администрация<br>Китепкана башчысы |
| 17 | Окуучуларга КРнын мамлекеттик символикаларын окутуп үйрөтүү, окуу жумасынын башында жана жуманын аягында, салтанаттуу иш-чараларда КРнын мамлекеттик гимнин ырдоо | Ар дайым | КТИУ<br>Класс жетекчилери |
| 18 | Окуу- тарбия иштеринде улуттук педагогиканын усулдарынан пайдалануу, класстан тышкаркы бардык тарбиялык иштерди Манастын 7 осуятынын негизинде жүргүзүү | Жыл ичинде | КТИУ<br>Класс жетекчилери |
| 19 | Тарбиялык сааттарда улуттук каада - салттарды үйрөтүү | Жыл ичинде | Класс жетекчилери |
| 20 | Окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруу | Июнь<br>Июль | КТИУ |
| 21 | Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш жүргүзүү | Жыл ичинде | Соцпедагог |
| 22 | Окуучуларды “Хизбут-Тахрир” жана башка диний уюмдарга кирип калышын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Жыл ичинде | ЖЖӨИ,<br>Администрация,<br>Ата-энелер комитети |
| 23 | Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө жардам берүү | Жыл ичинде | Администрация |
| 24 | Өрт коопсуздугун болтурбоо максатында алдын алуу иштерин | Ар дайым | Администрация<br>Завхоз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Мектептин тазалыгы, окуучулардын катышуусу жана сабактардын жүрүшү боюнча күнүмдүк көзөмөлдү такай жүргүзү. | Ар дайым | Администрация , КТИУ, дежур мугалимдер |
| 26 | Усулдук бирикмелердин ишин жакшыртуу, усулдук кеңештин иш денгээлин көтөрүү | Жыл ичинде | Усулдук кеңеш |
| 27 | Китепкана ишин жакшыртуу, окуу китептерин фондусун толуктоо, китептерди таза, бүтүн сактоо иштерине такай көзөмөлдүк кылуу. | Ай сайын | Администрация |
| 28 | 31-август - Кыргыз республикасынын Эгемендүүлүк күнү, 1-сентябрь - Билим күнү майрамдарын өз деңгээлинде өткөрүү. | 31-август, 1-сентябрь | Администрация, эмгек жамааты, Класс жетекчилер |
| 29 | Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында "Наркомания", "Насвай"."Алкаголь" кесепеттери жөнүндө тарбиялык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | КТИУ, Соцпедагог Класс жетекчилер, Тарбиячылар |
| 30 | Жашы жетелек өсүрүмдөрдүн арасында "Суицид" жөнүндө түшүндүрү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Администрация, ЖЖӨИ, Ата-энелер комитети, Дин окулдору |
| 31 | Үй-бүлөлүк шарты оор окуучулар арасында ата-энелер менен бирдикте иш алып баруу | Ар дайым | Соцпедагог |
| 32 | Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында мектептин ички көзөмөлүндө турган "Алдын алуу кеңеши" балдар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Администрация ЖЖӨИ, Ата-энелер комитети |
| 33 | Мектепте профилактика кабинетин ишин жандандыруу | Ар дайым | КТИУ, Соцпедагог |
| 34 | Жол коопсуздугу боюнча "Жол кыймылынын жаш инспекторлору" тобунун иштерин күчөтүү | Ар дайым | КТИУ |
| 35 | Мектеп окуучулары "Үй - мектеп, мектеп - үй" маршруттарынын схемасын иштеп чыгуу. | Ар дайым | КТИУ Класс жетекчилер |

## V. Мектептеги окуу-тарбия иштеринин ички текшерүүсү

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин календардык тематикалык пландарын текшерүү, бекитүү | Август | Директор, Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 2 | Ийрим жетекчилеринин пландарын текшерүү, бекитүү | Август | Директор, КТИУ |
| 3 | Класс жетекчилеринин тарбиялык иш пландарын абалы | Сентябрь | КТИУ |
| 4 | Окуучуларды окуу куралдары менен камсыздалышы (китеп, дептер, ручка жана башкалар) | Сентябрь | Администрация, китепканачы, класс жетекчилер, ата-энелер |
| 5 | Жатаканадагы окуучуларга үч маал тамактын берилиши | Октябрь | Медайым, Улуу тарбиячы, Жооптуу дежур |
| 6 | Мектеп олимпиадасына даярдыктын абалы | Октябрь | Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 7 | Жаш мугалимдердин сабакка даярдануусунун абалы | Октябрь | Окуу бөлүм башчысы Насаатчы мугалим |
| 8 | Номенклатуралык иш кагаздарынын жүргүзүлүшү | Ноябрь | Директор |
| 9 | Ар бир мугалимдин өз билимин өркүндөтүүсүнүн абалы | Ноябрь | Окуу бөлүм башчысы КТИУ |
| 10 | Жалпы Республикалык тестке даярдыктын жүрүшү | Декабрь | Окуу бөлүм башчысы |
| 11 | Райондук олимпиадага даярдыкты көзөмөлдөө | Декабрь | Окуу бөлүм башчысы |
| 12 | Класстык журналдардын абалы | Ай сайын | Директор, Окуу бөлүм башчысы |
| 13 | Күндөлүктөрдүн тутулушу, класс жетекчилери жана ата-энелери тарабынан текширилиши | Ай сайын | КТИУ |
| 14 | 1 жарым жылдыкта окуу программаларын аткарылышы | Январь | Окуу бөлүм башчысы, Усулдук бирикме жетекчилери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | [illegible]дин сакталышын абалы | Январь | Китепканачы |
| | Эне тили, орус тили, кыргыз тили, англис тили жана математика дептерлерин текшерилиши | Жума сайын | Окуу бөлүм башчысы, Усулдук бирикме жетекчилери |
| 17 | Окуучулардын сабакка катышуусун абалы | Ар күнү | Администрация |
| 18 | Мугалимдердин жана класс жетекчилеринин иш кагаздарын алып барылышы | Ар айдын 1-жумасында | Окуу бөлүм башчысы, КТИУ |
| 19 | Жазуу, текшерүү лабараториялык иштердин нормативдеринин аткарылышы. | май | Окуу бөлүм башчысы, Усулдук бирикме жетекчилери |

## Жатак-гимназиясы мекемесинин педагогикалык кеңешмесинин планы

| № | Кеңешмеде каралуучу маселелер | Ким жооптуу |
|---|---|---|
| | **Сентябрь** | |
| 1 | 2022 – 2023 – окуу жылына анализ | Директор |
| 2 | Мектептин 2022 – 2023 – жылы үчүн окуу планын бекитүү. | Директор |
| 3 | 2022 – 2023-окуу жылы үчүн мугалимдердин иш жүктөмүн бекитүү | Педсовет |
| 4 | Коопсуздук маселелери боюнча макулдашуу | Педсовет |
| 5 | Кезектеги иштер | Педсовет |
| | **Ноябрь** | |
| 1 | I чейректин жыйынтыгы боюнча класс жетекчилердин отчёту | Класс жетекчилер |
| 2 | Окуучуларды PIZA – 2025, ЖРТке жана предметтик олимпиадаларга даярдоонун абалы | Окуу бөлүмүнүн башчысы,УБ жетекчилери |
| 3 | Кыргыз тили, орус тили, англис тили жана математика предметтеринин окутулуш абалы | Усулдук бирикмелердин жетекчилери |
| 4 | Окуучулардын окуу китептери, окуу куралдары менен камсыз болушу жана аларга түзүлгөн шарттардын абалы | Китепкана башчысы, класс жетекчилер |
| 5 | Кышка карата даярдык | Администрация |
| | **Январь** | |
| 1 | I жарым жылдык боюнча класс жетекчилердин отчёту | Класс жетекчилер |
| 2 | Олимпиаданын жыйынтыгы | Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 3 | Атайын курс сабактарынын, ийримдердин өтүлүш абалы | Усулдук бирикмелердин жетекчилери |
| 4 | Мектепте информатика, технология(эмгек, чийүү), көркөм өнөр,музыка , тарых, география сабактарынын окутулуш абалы | Усулдук бирикмелердин жетекчилери |
| 5 | Кезектеги иштер | Директор |

| | | |
|---|---|---|
| | Чейрек боюнча класс жетекчилердин отчёту | Класс жетекчилер |
| | ЖРТке каттоо жана даярдоо | Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| | Предметтик кабинеттердин жабдылыш абалы | Уюштуруучу |
| 4 | Химия, биология ,физика жана дене тарбия, АЧД сабактарынын өтүлүш абалы | Усулдук бирикмелердин жетекчилери |
| 5 | Класстан тышкаркы иштердин абалы | Уюштуруучу |
| | **Май** | |
| 1 | Көчүрүү жана мамлекеттик бүтүрүү сынактарына даярдык | Окуу бөлүмүнүн башчысы |
| 2 | Кезектеги иштер | Директор |

## Директордун алдындагы кеңешменин планы

| К/№ | Аткарылуучу маселелер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы окуу жылына даярдык жана окуучуларды кабыл алуунун жыйынтыктары | Август | Директор |
| 2 | Мугалим, тарбиячылардын жана техкызматкерлердин медкароодон өтүшү | Август | Директор |
| 3 | Окуучулардын тамактануусун уюштуруу | Август | Директор |
| 4 | Тил майрамына карата | Сентябрь | Директор |
| 5 | Мектептин кышка даярдыгы | Ноябрь | Директор |
| 6 | I – чейректин жыйынтыгы | Ноябрь | Директор |
| 7 | Олимпиадага даярдоо | Декабрь | Директор |
| 8 | Жаңы жылдык майрамды өткөрүү | Декабрь | Директор |
| 9 | II – чейректин жыйынтыгы | Январь | Директор |
| 10 | Эмгек тартибинин сакталышы | Январь | Директор |
| 11 | Олимпиаданын жыйынтыгы | Январь | Директор |
| 12 | 15-февраль – Ооган согушунун ардагерлеринин күнүнө жана 23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата даярдык | Февраль | Директор |
| 13 | Мектептин санитардык абалы | Февраль | Директор |
| 14 | Окуу кабинеттерин жасалгалоо | Февраль | Директор |
| 15 | III – чейректин жыйынтыгы | Март | Директор |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | [illegible] отургузуу | Март-апрель | Директор |
| | [illegible] айындагы майрамдарга карата иш-чараларды өткөрүү тууралуу | Март | Директор |
| 18 | ЖРТке жана ЖМАга даярдык көрүү | Апрель | Директор |
| 19 | 25 – май «Акыркы коңгуроо» майрамын өткөрүү | Май | Директор |
| 20 | ЖМАны жыйынтыктоо | Июнь | Директор |
| 21 | Ремонт жүргүзүү | Июнь | Директор |

# VI. Ата-энелер менен иштөө

1. Уюштуруу иштери

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы ата-энелер жыйналышын өткөрүү | Окуу жылынын башында жана 2-жарым жылдыкта | Ата-энелер комитети<br>Класс жетекчилер |
| 2 | Класстык ата-энелер чогулушун өткөрүү | Чейрек сайын | Класс жетекчиси, Ата-энелер комитети |
| 3 | Ачык эшик күнүн өткөрүү | Ноябрь, апрель | Администрация |
| 4 | Класстык ата-энелер комитетинин ишине көмөк көрсөтүү | Ар дайым | Администрация<br>Ата-энелер комитети |
| 5 | “Ата-энелер сиздер үчүн” деген стенд уюштуруу | Ноябрь | Администрация |
| 6 | Ата-энелерди Көзөмөлчүлүк кеңешинин жана мектеп иштерине активдүү катышуусуна жетишүү | Ар дайым | Ата-энелер комитети |

## 2. Ата-энелер комитетинин чогулушунда карала турган маселелер

| № | Аткарылатурган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | а) Окуучулардын мектеп формасы<br>б) Окуучуларды китеп менен камсыздалышы | Сентябрь-октябрь | Администрация<br>Китепканачы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | а) Класстык ата-энелер комитетинин класс жетекчи менен биргеликте иш алып баруусунун абалы<br>б) Балаты майрамын өткөрү жөнүндө | Ноябрь-декабрь | Директор<br><br>Ата-энелер комитети |
| 3 | а) Турмуш-арты начар үй-бүлөнүн балдарына жардамдарды уюштуруу жөнүндө<br>б) Окуучуларды олимпиада жана спорттук мелдештерге жиберүү каражаттарын камсыздоо | Жыл ичинде | Администрация<br>Соцпедагог<br>Демөөрчүлөр<br>Ата-энелер комитети |
| 4 | а) Ата-энелер үчүн "Ачык эшик" күнүн өткөрүү<br><br>б) мектепти жаңы окуу жылына даярдоо | Апрель | Директор<br>Окуу бөлүм башчысы<br>Завхоз |

## 3.Ата-энелердин жалпы чогулушунда каралуучу маселелер

| № | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | а) Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы жана милдеттер<br>б) Ата-энелер комитетинин жылдык иш планы бекитүү | Сентябрь | Директор<br>Ата-энелер комитетинин төрагасы |
| 2 | а) Мектепте окуучулар арасында кылмыштуулук, зордук – зомбулуктун, суициддин жана рекетчиликтин алдын алуу боюнча<br>б) Жалпы Республикалык тест жөнүндө | Октябрь | Директор |
| 3 | а) Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө ата-эненин ролу<br>б) 1-жарым жылдыктын жыйынтыгы жөнүндө | Январь | Ата-энелер комитети<br>Класс жетекчилер |
| 4 | а) Окуучуларды толеранттуулукка, ыймандуулукка тарбиялоодо ата-эненин ролу<br>б) Көзөмөлчүлүк кеңешинин отчёту. | Май | КТИУ<br>Токторалиев З<br>Камкорчулук кеңешинин төрагасы |

## VII. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана чарбалык иштер

| № | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Жатаканага видео көзөмөл орнотуу | Жыл ичинде | Администрация |
| 2 | Окуу китептери жана методикалык адабияттар менен камсыз кылуу | Жыл ичинде | Китепканачы |
| 3 | Өрт коопсуздугу чараларын көрүү (өрт өчүрүүчү- огнетушитель алуу) | Август | Завхоз Абдалимов А |
| 4 | Окуу кабинеттерин гүлдөр менен жасалгалоо | Сентябрь | Кабинет башчылары |
| 5 | Ашкананы жетиштүү идиш-аяктар менен камсыз кылуу | Сентябрь | Завхоз, Ашпозчу |
| 6 | Көзөмөлчүлүк кеңешинин ишин жандандыруу | Сентябрь-декабрь | Администрация |
| 7 | Кышка карата даярдыкты көрүү, отун, көмүр менен камсыз кылуу | Ноябрга чейин | Завхоз Абдалимов А |
| 8 | Мектеп эмеректерин жана мүлкүн сактоо, жетишпеген эмеректер менен камсыз кылуу | Жыл ичинде | Завхоз, Кабинет башчылары |
| 9 | Окуу кабинеттерин жабдуу | Январь | Кабинет башчылары |
| 10 | Усулканага керектүү жабдууларды камсыздоо | Февраль | Усулдук бирикмелер |
| 11 | Мектептин тегерегин көрктөндүрүү | Март -апрель | Эмгек жамааты |
| 12 | Ремонт иштерине даярдык көрүү жана жүргүзүү | Май- июнь | Профком. Завхоз |

Мектеп директору: Оморов Т.

## Администрациянын кызматтык милдеттерин бөлүштүрүү

### Директор

1. Мекемеде "Билим берүү мыйзамынын" талаптарынын аткарылышын камсыздайт;
2. Эмгек тартиби жана ички тартиптеринин сакталышын көзөмөлдөйт;
3. Мекеменин педагогикалык кеңешине жетекчилик кылат, педкеңешмени өткөрөт жана ишке ашырат ;
4. Директор алдындагы кеңешмени өткөрөт ;
5. Окуу тарбия иштери боюнча орун басарларга, чарбалык иштер боюнча орун басарына жана педагогикалык коллективге окуу-тарбия иштерине тиешелүү тапшырмаларды берет жана аткарылышын талап кылат ;
6. Мектептеги окуу-тарбия иштери боюнча ички көзөмөлдү уюштурат;
7. Мектептин иш-кагаздарын номенклатуралык талапка карата жүргүзүлүшүн көзөмөлдөйт;
8. Мугалимдердин квалификациясын , саясий билимин жана билим деңгээлин жогорлатуу үчүн шарт түзөт;
9. Педагогикалык кадрларды жана техперсоналдарды тандап жумушка алат жана бошотот.
10. Мектептеги санитардык-гигиеаналык талаптар , ашкананын абалы, мектептин ички жана тышкы абалы боюнча көзөмөл жүргүзөт;
11. Окуучулардын билим сапатын, тарбиясын жана мектептен тышкарkы иштердин мазмунун, уюштурулушун көзөмөл кылат.
12. Мугалимдердин сабагына катышат, усулдук жардам көрсөтөт жана класстан тышкаркы иштерге катышат;
13. Ата-энелер комитети, көзөмөлчүлүк кеңеши (жамаатчылык) менен иш алып барат, ишин жөнгө салат;
14. Мектепте ички тартип, санитардык гигеналык режимин , эмгек коопсуздугу жана коопсуздук эрежелерин сакталышын көзөмөл кылат;
15. Мектеп иши жөнүндө ата-энелер алдында жана көзөмөлчүлүк кеңешине отчёт берип, мектептин финансылык иштерине көзөмөл кылат;

Педагогикалык кызматкерлерди жана техкызматкерлерди ишине жараша түрдүү сыйлыктарга көрсөтөт, сыйлайт жана эмгек кодексинин негизинде чара көрөт.

17. Мекеменин жалпы жасалгалоосун көзөмөлдөйт;
18. Окуу процессинде предметтердин үзгүлтүксүз окутулушун көзөмөл дөйт

Таанышцтым: Оморов Т.

## Мектептин окуу бөлүмүнүн башчысынын милдети

1. Мекемеде окуу- тарбия процессин туура уюштуруу;
2. Педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана көзөмөлдөө;
3. Окуу пландарынын, окуу программаларын аткарылышын көзөмөл кылуу;
4. Сабакка даярдыктын сапатын жана окуучулардын билим сапатын көзөмөлдөө;
5. Окуу кабинеттеринин абалына жооп берет ;
6. Статистикалык отчетторду так аткарат ;
7. Сабактын жүгүртмөлөрүн түзөт ;
8. Олимпиадаларга даярдык иштерин жүргүзөт ;
9. ЖРТке каттоо жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барат ;
10. Жазуу жана текшерүү иштерине коюлуучу бирдиктүү талаптардын аткарылышын камсыз кылат жана көзөмөлдөйт ;
11. Окутуунун жаңы ыкмаларын киргизүүнү сунуштайт ,анализдейт ;
12. Класстык журналдардын туура жүргүзүлүшүнө жооп берет ;
13. Мектептин маалыматтык блогунунун толтурулуш (отчеттук документтер, окуучулардын өздүк делосунун туура жүргүзүлүшү,чейректик билим сапаттарынын чагылдырылышы ж.б.у.с.) абалына,тууралыгына жооп берет ;
14. Педагогикалык чогулуштарга активдүү катышуу,материалдарын сапаттуу даярдоону камсыз кылат ;
15. Усулдук иштерди уюштурат жана көзөмөл кылат. Усулдук кеңешмеге жетекчилик кылат.Усулдук бирикмелердин ишин тынымсыз илгерилетип,жаңычылдыкка багыт берет ;
16. Мугалимдердин ички эмгек тартибин тескейт;
17. Өз билимин өркүндөтүү курстарына график түзөт, мугалимдерди өз билимин өркүндөтүү курстарына графиктин негизинде жиберет.
18. Өз ара сабактарга такай катышат ;
19. Ийримдердин уюштурулушуна шарт түзүү ;
20. “Жыл мугалим” ,”Жылдын мыкты окуу канаасы,усулканасы” конкурстарына даярдык иштерин жүргүзөт;

15. Окуучуларга мамлекеттик белгилерди(символикаларды) жана Манастын 7 осуятын үйрөнүүсүн көзөмөл кылат;
16. Ички иштер жана саламатыкты сактоо өкүлдөрү менен тыгыз иштешет;
17. Райондук Билим берүү тарабынан жана Билим Берүү жана Илим министрлиги тарабынан келген буйруктардын негизинде иш жүргүзөт;
18. Мектепте дүйшөмбү, жума күндөрү дежурлук кылат.

Тааныштым: Токторалиев З.

## Мектептин соцпедагогунун аткаруучу иштери

1. Баланын жашоо тиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн, мектептин, коомдук чөйрөнүн, социалдык кызматтардын ведомостволорунун - укук коргоочу жана административдик органдардын ортосунда арача болот да, анын кызыкчылыктарын жактайт;
2. Балдардын жашоо-шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо, диагноздоочу изилдөө жүргүзөт;
3. Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдейт, жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтейт;
4. Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында үй-бүлөнү иликтейт;
5. Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөщөт;
6. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга,алардын ата-энелик милдеттерине аң-сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт ;
7. Балдарды коргоо жана социалдык колдоо,өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча чараларды көрөт ;
8. Класстан тышкары иштерге,ар кандай мелдештерге тартуу ,балдар жана өспүрүмдөр уюмдары,мекемелери менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшөт ;
9. Камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга зарыл жардамдарды берет;
10. Жетим жана ата-энелерининн камкордугусуз калган балдарды турак-жай, пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт;
11. Балдар иштери боюнча комиссиянын отурумдарына катышат;
12. Зарыл болгондо, балдардын өздүк документтерин калыбына келтирүүгө жардам берет;
13. Жүрүм-туруму бузулган,кыйын (опурталдуу) кырдаалга туш келген окуучуларга жардам көрсөтүү үчүн алардын эсебин жүргүзөт: мугалимдер, мектеп психологу, ата-энелер, атайын социалдык кызматтар, кайрымдуулук уюмдары менин кызматташат.

Тааныштым : Шабданова Н.

кечүрүү,бүтүрүү сынактарынын өткөрүүдөгү иш-кагаздарын даярдайт жана өткөрөт;

22.Окуучуларга берилип жаткан тапшырмалардын көлөмүн жөнгө салат;

23.Класстан тышкаркы окууларды уюштурат жана көзөмөл кылат;

24.Мугалимдердин аттестатациялык иш кагаздарын жүргүзөт.

Таанышттым: Кадыркулов М.

## Мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусунун милдети

1. Мекеменин уставына ылайык тарбиялык иштерди уюштурат ;
2. Класс жетекчилерге тиешелүү иш кагаздардын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө,багыт берүү;
3. Балдар жана өспүрүмдөр уюмунун иштеринин,окуучулардын өзүн-өзү башкаруу түзүмдөрүнүн иштерин жөнгө салуу ;
4. Ата-энелер чогулуштарын убагында өткөрүүнү колго алат ;
5. Тарбиялоо иш-чараларын өткөрүүгө ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту тартуунун иш чараларын көрөт ;
6. Дежурствону ирettүү уюштурат ,мектептин тазалыгын карап,тиешелүү иштерди аткарат;
7. Мектептин,окуучулардын санитардык-гигиеналык абалына жооп берет ;
8. Класс жетекчилеринин ишине жетекчилик кылат;
9. Класс жетекчилеринин тажрыйба алмашуусун уюштуруп,тарбиялоо ишинин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтат жана көзөмөлдөйт;
10. Окуучулардын сабакка катышуусун, формасын жана тазалыгын көзөмөл кылат;
11. Окуучулардын коомдук пайдалануу эмгегин уюштурат жана ага жетекчилик кылат;
12. Ийримдердин жана клубдардын ишин уюштурат, мезгилдүү дубал газеталарынын чыгарылышын камсыз кылат;
13. Окуу процессинде ийрим сабактарынын окутулушун көзөмөлдөйт, мугалимдердин сабактарына катышат;
14. Окуучулар арасында түрдүү адабий кечелерди, конкурстарды, КВН, викторина, мелдештерди ж.б. майрамдык иш-чараларды уюштурууну колго алат ;

## Улуу тарбиячынын милдети

1. Мекеменин уставына ылайык тарбиялык иштерди уюштурат ;
2. Тарбиячыларга тиешелүү иш кагаздардын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө,багыт берүү;
3. Тарбиячылардын педагогикалык маданиятын жогорулатууга,алардын өз милдеттерине аң-сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт;
4. Тарбиячылардын, дарыгер жана медайымдын эмгек тартибин көзөмөлдөйт;
5. Жатаканада окуучулардын өзүн-өзү башкаруу түзүмдөрүнүн иштерин жөнгө салуу ;
6. Эмгек тартиби жана ички тартиптеринин сакталышын көзөмөлдөйт;
7. Жатаканадагы шарттарды жакшыртуу үчүн аракеттенет;
8. Жатаканадагы санитардык-гигиеаналык талаптар , жатакананын ички жана тышкы абалы боюнча көзөмөл жүргүзөт;
9. Тарбиялоо иш-чараларын өткөрүүдө ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту тартуунун аракетин көрөт ;
10. Педагогикалык кеңешмеге, ата-энелер жыйналыштарына активдүү катышат;
11. Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктап, ата-энелерине, соцпедагогго, психологго,жетекчиликке маалымдайт;
12. Жүрүм-туруму бузулган,кыйын (опурталдуу) кырдаалга туш келген окуучуларга жардам көрсөтүү үчүн алардын эсебин жүргүзөт: тарбиячылар, психолог, соцпедагог, ата-энелер менин кызматташат;
13. Ашканага жана жатаканага дежур мугалимдердин жана дежур окуучулардын графигин чыгарат;
14. Ашканада тамак-аштын сапаттуу даярдалышын жана өз убагында берилишин көзөмөлдөйт;
15. Жатаканада иш мезгилинде тарбиячылардын жоопкерчиликсиз болушунан улам, жатаканада жашаган окуучулардын олуттуу тартип бузууларына ошол учурда караган тарбиячысы, жооптуу тарбиячы менен кошо жооп берет;

Тааныштым : [signature] Нарынбаев К.

## Психологдун аткаруучу иштери

1. Мекеменин психологу өзүнүн компетенциясында психологиялык кеңеш – жардам кызматы иш планын жүзөгө ашыруунун үстүндө иш жүргүзөт ;
2. Мектеп жетекчиси менен бирге жыл ичинде аткарылуучу иштердин планын түзөт;

3. Мекемеде кеңеш берүү кабинетин ачуу жана иштөө графигинин убактысын уюштурат;
4. Баланын өзүн таанып-билүү, өз жолун табуусуна жардам берет;
5. Окуучуларга тест,анкета, байкоо жүргүзүү формалары, карточкалары, ар кандай суроо формаларын даярдап, толтуртуу жана натыйжаларын балдардын жекече керектөөлөрүнө карап, жол көрсөтөт;
6. Окуучунун психологиясына зыян тийгизбеген, аң-сезимин өстүрүүгө жардам бере турган багыттагы ар түрдүү иш-чараларга катышат;
7. Мекемеде жүргүзүлө турган ар түрдүү тест, кеңештер качан, кимдерге кайсы маселеге жараша жасала турган убагын белгилейт;
8. Класс жетекчи менен окуучулардын абалы, жетишкендиктери, мүнөзү, ийгиликтери, өзгөрүүлөрү, каалоолору тууралуу маалымат бөлүшүп, проблемаларды, бирдикте жасала турган иштерди талкуулайт;
9. Психологиялык кеңеш пландуу, программалуу, профессионалдуу уюштурулуп, психологиялык кеңеш сааттарында эмнелер айтылары тууралуу кыскача мазмунун директорго жана класс жетекчилерге берет;
10. Башкалар менен байланышы начар болуп, уялчаак, тартынчаак , өзүнө ишене албаган, ийримдерге, коомдук иштерге катышуудан корккон, сабактан ийгиликсиз болгону үчүн батына албаган, же класста тартиби начар болгон балдарды аныктап, аларга психологиялык кеңеш берет;
11. Сабактарынан өтө ийгиликтүү, бирок өз жөндөмүн каерде, кантип колдоноорун билбеген балдарга багыт берүү иштерин жүргүзөт;
12. Класс жетекчилер, тарбиячылар жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт;
13. Мугалимдерге чогулушта пландагы иштердин канчалык аткарылганын билдирип турат;
14. Кеңеш берүү журналын уюштурат жана күндөлүк кеңеш берүүсүн, байкоолорун жазат;
15. Психолог –кеңеш берүүчү мектептеги башкаруу ишине, сынактарга жана чара көрүү иштерине катыша албайт. Себеби , бир жагынан окуучуга жардам берип, экинчи жагынан чара көрүүчү берүүчү боло албайт.

Тааныштым : Оморов Т.